**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 26-сентябрь №5** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Ак-Жер жаңы конушундагы 80 сотых муниципалдык менчиктеги жер тилкесин экиге бөлүп мамлекеттик АКТыларды алуу жөнүндө.**

Боо-Терек айыл өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-майындагы №02-9/98 токтомунда көрсөтүлгөн жана 2016-жылдын 9-июнундагы Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалынан берилген серия "Б" №021595 чыгыш сандуу мамлекеттик АКТысында белгиленген Боо-Терек айылынын Ак-Жер жаңы конушундагы 80 сотых муниципалдык менчиктеги жер тилкесин экиге бөлүп мамлекеттик АКТыларды алуу жөнүндөгү депутаттардын сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап, Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXIX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы, Ак-Жер жаңы конушундагы 80 сотых муниципалдык менчиктеги жер тилкесин экиге бөлүп, кичи футбол аянтчасы жайгашкан 20 сотых жер тилкесине өзүнчө мамлекеттик АКТ алуу үчүн жана ошондой эле калган 60 сотых жер тилкесине келечекте бала-бакча куруу максатында өзүнчө мамлекеттик АКТ алуу үчүн Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик АКТыларды жасатып бүтүрсүн.

2. Айыл өкмөтүнүн каржы экономикалык бөлүмүнүн башчысы, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана айыл өкмөтүнүн жер, турак-жай, коммуналдык маселелер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адисине милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**